# Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик материалдык резервдер фондунун бюджетин түзүүнүн болжолунун жана анализинин Методологиясы

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Ушул Методология Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик материалдык резервдер фондунун (мындан ары Фонд) келерки пландык жылга бюджетин түзүүдө финансылык каражаттарды керектөөнүн болжолун даярдоо процессесинде укуктук жана методологиялык негизин аныктайт. Методология Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине ылайык. Фонддун бюджетинин ачык-айкындыгын жана реалистик принциптерин аткарууну камсыз кылууга багытталган.

1.2. Бюджетти түзүүнүн негизги милдети болуп пландалган финансылык мезгилге экономикалык негизделген Фонддун бюджетинин өлчөмүн аныктоо саналат.

1.3. Методология Фонддун бюджеттик сметасынын чыгымын бекитүү жана түзүү талаптарын белгилейт.

1.4. Методологияны ишке ашырууда күтүлүүчү жыйынтыктар:

- мамлекеттик материалдык резервдин материалдык баалуулуктарын башкаруу тутумун жакшыртуу
- мамлекеттик материалдык резервдин материалдык баалуулуктарынын запастарын топтоо, сактоо, номенклатуралык деңгээлге толуктоо, коюунун ачык-айкындыгын камсыз кылуу;
- Кыргыз Республикасынын азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу.

## 2. Бюджеттин долбоорун түзүү

2.1. Фонддун бюджетинин долбоорун түзүү Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине ылайык аныкталат.

2.2. Кезектеги бюджеттик жылга Фонддун бюджетинин долбоорун түзүүдө мамлекеттик жана мобилизациялык резервдин номенклатуралык запасынын деңгээли эске алынат.

2.3. Фонддун чыгымдарын бөлүштүрүү бюджеттик программалар боюнча түзүлөт:

- пландоо, башкаруу жана башкаруучулук;
- мамлекеттик жана мобилизациялык резервдин материалдык баалуулуктарын башкаруу.

2.4. Фонд бюджеттин долбоорун, программалык негизде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 30-декабрындагы «Программалык негизде бюджеттөө жөнүндө» №854 токтомуна ылайык түзөт.

2.5. Келээрки жылга Фонддун бюджеттинин долбоорун түзүүдө өткөн эки жылдагы жана учурдагы жылдагы чыгымдар Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин контролдук цифраларына ылайык, эске алынат

2.6. Чыгымдардын ведомстволук квалификациясы боюнча Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин контролдук цифралары кезектеги бюджеттик жылга жана болжолдонуучу мезгилге чыгымдардын сметасын түзүүдө негиз болуп саналат

2.7. Мамлекеттик материалдык резервдин материалдык баалуулуктарын толуктоо жана жаңылооо үчүн финансылык каражаттарды керектөөнүн болжолу төмөнкү формула боюнча ишке ашырылат:

$$N = \sum_{i=1}^{k} (M_i - E_i) * P$$

мында:

N – финансы каражаттарына болгон керектөө;

M –i-товарын топтоо нормасы;

E – i-товарынын материалдык каражаттарынын топтолгон көлөмү;

P – баалардын божомолдуу деңгээли (дүң/ дефлятор)

## 3. Сметаны түзүү тартиби

3.1. Фонд сметаны түзүүдө жана бекитүүдө Кыргыз Республикасынын бюджеттик Кодексин, Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик материалдык резервдер жөнүндө» Мыйзамынын 12-беренесинин 1-бөлүмүн, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 13-ноябрындагы №645 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик материалдык резервдер фондунун жобосунун 12-беренесинин 6-бөлүмүн жана 2017-жылдын 30-декабрындагы №854 токтомун жетекчиликке алат.

3.2. Учурдагы бюджеттик жылга республикалык бюджетти тактоо учурунда, Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын кезектеги бюджеттик жылга жана божомолдонуучу мезгилге республикалык бюджети жөнүндө» мыйзамына ылайык тийиштүү өзгөртүүлөр киргизилет.

## 4. Сметаны түзүү жана бекитүү

4.1. Бюджеттик смета бюджеттик мыйзамдуулук жана бюджеттик классификацияга ылайык Фонддун киреше жана чыгаша көлөмүн аныктоочу документ болуп саналат.

4.2. Сметаны түзүү тийиштүү бюджеттик жылдын учурунда Фонддун функцияларынын аткарылышы боюнча бюджеттик милдеттенмелерди кабыл алуу жана аткаруу көлөмүн белгилөө жана каражаттарды чыгымдоо багыттарын бөлүштүрүү болуп саналат.

4.3. Смета ар бир бюджеттик программа жана чара боюнча түзүлөт. Фонддун бюджеттик каражаттарын бекитилбеген сметасыз чыгымдоого жол берилбейт.

4.4. Сметанын көрсөткүчтөрү бюджеттик классификациянын ичинде статьялардын коддорун деталдаштыруу менен түзүлөт.

4.5. Фонддун сметасы Фонддун төрагасынын буйругуна ылайык түзүмдүк бөлүмдөрдүн өкүлдөрүнүн ичинен түзүлгөн жумушчу топ тарабынан каралат.

4.6. Фонддун сметасын карап чыгуу жумушчу топ тарабынан протокол менен таризделет жана экономикалык болжолдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашылат.

4.7. Бекитүүгө берилген сметага, сметаны түзүүдөгү пландык сметалык көрсөткүчтөрдүн негиздемеси (эсептөөлөр) тиркелет.

4.8. Фонддун сметасы кагаз жүзүндө жана миң сомдук өлчөмдө эсептелет.

4.9. Фонддун сметасын кезектеги финансылык жылга бекитүү Фонддун төрагасы жана финансылык түзүмдүн башчысы тарабынан жүргүзүлөт.